«Каралды»

КИПКтин Окуу-усулдук кеңешинин
2022-жылдын 3-октябрындагы
№1 отурумунда.
ОУКнин төрагасы: И.Кельдибеков

«Бекитилди»

КИПКтин Педагогикалык кеңешинин
2022-жылдын 11-октябрындагы
№1 отурумунда.
Пед.кеңештин төрайымы Л.Муратова

# Кошумча билим берүү программасын жүзөгө ашыруу жөнүндө

# ЖОБОСУ

## I. Жалпы жоболор

1.1. Кошумча кесиптик билим берүү - бул кесипке жана кызматка коюлган квалификациялык талаптарга ылайык ишкердик жана чыгармачылык жөндөмдөрдүн өнүгүшүнө өбөлгө болуучу, негизги кесиптик билим берүү программасынын чегинен тышкары кесиптик билимге ээ болгон адамдардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатууга жана кесиптик, кайрадан даярдоого багытталган билим берүү;

1.2. Ушул Жобо колледждеги кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу шарттарын жана тартибин жөнгө салат;

1.3. Кошумча билим берүү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен тиешелүү багыттар боюнча алынган лицензиянын негизинде атайын түзүлгөн окуу программасынын алкагында ишке ашырылат;

1.4. Кошумча билим берүү колледж менен окуучунун ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде акы төлөнүү менен үч айлык мөөнөттө окутуу жүргүзүлөт;

1.5. Кошумча билим берүүнүн 1 сааттык окуу сабагы 45 минуттага барабар.

## II. Окуучуларды кабыл алуунун тартиби жана аларга коюлуучу талаптар

2.1. Окуучуну кабыл алуудагы талаптар:

- *жашы курагы 14 жаштан төмөн болбоосу;*
- *акыл эси ордунда болуусу.*

2.2. Кошумча билим берүү программаларына кабыл алуу жылына эки жолудан кем эмес Окуу-усулдук бөлүмү тарабынан ишке ашырылат;

2.3. Тиешелүү багытта кошумча билим алууну каалаган жеке жак колледждин директорунун наамына арыз жазып, окуу жай менен окутуу келишимине кол койгондон тарта кабыл алынды деп эсептелет. Эгерде окуучу жашы жете элек болгон болсо анын мыйзамдуу өкүлү окутуу келишимине кол коюуга тийиш;

## III. Окутууну уюштуруунун жана окуу графигин түзүүнүн тартиби

3.1. Окутуу жараяны тапшырган окуучулар 12ден кем эмес 25тен ашпаган санда куралган тайпага башталат;

3.2. Багытынын таандуулугу боюнча тийиштүү кафедра окутууну уюштурат жана квалификациясына карап окутуучуларга сабак ажыратат;

3.3. Окуу графиги Окуу-усулдук бөлүмү тарабынан даярдалып, колледждин директору бикитет;

3.4. Окуу графигине жумасына 3 күн гана сабактар жайгаштырылышы мүмкүн.

## IV. Кошумча билим берүүнүн контрактык акысын аныктоо жана аны төлөөнүн тартиби

4.1. Кошумча билим берүүнүн контрактык акысы чыгашаларды эске алуу менен окуу жай тарабынан аныкталат;

4.2. Окуучу менен түзүлгөн окутуу келишиминде башкача каралбаса, окуучу кабыл алынгандан 5 күндүн ичинде колледждин атайын эсебине чегерүүгө тийиш;

4.3. Эгерде окутуу акысы убагында окуучу тарабынан чегерилбесе колледж келишимди бир тараптуу бузууга алып келет.

## V. Окутууну жыйынтыктоо

5.1. Белгиленген мөөнөт ичинде окуу программасын аткарган окуучулардан атайын буйрук менен түзүлгөн Квалификациялык комиссиясы (мындан ары – Комиссия) тарабынан жыйынтыктоочу экзамен алынат;

5.2. Ийгиликтүү аяктагандарга Комиссиянын чечиминин негизинде тийиштүү квалификация ыйгарылат;

5.3. Тийиштүү кафедра башчысынын сунушу боюнча директордун буйругу чыгарылып, окуучуларга мамлекеттик эмес үлгүдөгү сертификаттар ыйгарылат.